**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Максатбек Мергенбаевич Жорокулов жана Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 6-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: К.А. Дуйшеев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев катчы К.А. Аблакимовдун катышуусунда Максатбек Мергенбаевич Жорокулов жана Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 7-мартында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна М.М. Жорокуловдун, Н.У. Кочкоровдун Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 554-беренесинин 6-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыздануучулар белгилегендей, Ош облустук соту 2022-жылдын 6-июлундагы аныктамасы менен Ош шаардык сотунун 2022-жылдын 19-апрелиндеги Асамидин кызы Айгерим жөнүндө токтому жокко чыгарылып, укук бузуу жөнүндө иштин материалдары Ош шаардык ИИБге толуктап жана туура түзүү үчүн кайтарылсын деп аныкталган.

Ал эми арызданууучулар Ош облустук сотунун аталган аныктамасы менен макул болбой, ага кассациялык даттануу келтирип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылышкан.

Бирок, Ош шаардык сотунун төрагасынын 2022-жылдын 19-августундагы катында Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 554-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык апелляциялык даттанууну кароонун жыйынтыгы боюнча соттун аныктамасы мыйзамдуу күчүнө токтоосуз кирет жана даттанууга жатпайт деп көрсөтүлгөн.

Кайрылуу субъекттеринин пикири боюнча талашылып жаткан ченем Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүндө кепилденген, өзүнө соттук актыларды жогору турган сот инстанцияларына даттанууну камтыган соттук коргоо укугун чектейт.

Каралып жаткан аспектиде, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2016-жылдын 11-майындагы, 2018-жылдын 4-апрелиндеги чечимдеринде төмөнкүдөй укуктук көз караштар баяндалган.

Жогору турган сотко айыптоочу өкүмдү даттануу укугу эч кандай чектөөгө жатпайт жана соттук коргоого болгон укук менен тутумдуу байланышта турат, ал Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык абсолюттук мүнөзгө ээ. Сот чечимдерине даттануу укугу сот өндүрүшү жаатында инсандын укуктарынын кепилдиктерин бекиткен эл аралык-укуктук актылардын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ар кимге жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу укугун берген 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3-пунктунун маңызынан келип чыгат. Кассациялык инстанция сотундагы өндүрүш иштин буга чейинки териштирүүсүнүн жүрүшүндө соттор тарабынан кетирилген жана иштин жыйынтыгына таасирин тийгизген, жана аларды жойбостон бузулган укуктарды, эркиндиктерди жана мыйзамдуу кызыкчылыктарды, ошондой эле мыйзам тарабынан корголуучу коомдук кызыкчылыктарды калыбына келтирүүгө же

коргоого мүмкүн болбогон материалдык укуктун же процесстик укуктун ченемдерин мерчемдүү бузууларын оңдоо үчүн арналган.

М.М. Жорокулов, Н.У. Кочкоров аталган укуктук позицияларды жыйынтыктап келгенде, соттук коргоонуунун элементтеринин бири жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу болуп саналат жана соттор тарабынан материалдык укуктун же процесстик укуктун ченемдерин туура эмес колдонуп кетирилген катачылыктарды кассациялык тартипте даттанып каратуу укугу адамдарда болуусу керек. Бул адамдардын бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, ошондой эле мыйзам тарабынан коргоолуучу коомдук кызыкчылыктарды калыбына келтирип же коргоп сот адилеттүүлүгүнө жетүүгө мүмкүндүк берет деп эсептешет.

Ошондой эле, арызданууучулардын пикири боюнча, талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган ар кимге анын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоо кепилдене тургандыгы белгиленген өлчөмдө Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет. Анткени, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактысынын 14-беренесинин 5-пунктуна ылайык, кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон ар бир адам, анын соттуулугу жана өкүмү мыйзамга ылайык жогорку турган сот инстанциясы тарабынан каралып чыгууга укуктуу.

М.М. Жорокулов жана Н.У. Кочкоров жарандар апелляциялык инстанцияда кетирилген соттук каталарды кассациялык тартипте талашуу, бузулган укуктарын калыбына келтирүү жана адилеттүүлүккө жетишүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек деп эсептешет.

Жогоруда баяндалган жүйөлөрдүн негизинде, арызданууучулар талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып,

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья К.А. Дуйшеевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигине жана анын “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө таянат.

Аталган конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, эгерде кайрылууда көрсөтүлгөн маселенин конституциялуулугу мурда текшерилсе жана өзүнүн күчүн сактаган акт болсо, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Соттун чечими акыркы жана аны даттануу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу тууралуу маселеси Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болгон, анын жыйынтыгы боюнча 2019-жылдын 11-сентябрындагы азыркыга чейин күчүн сактаган чечими чыккан.

Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 52-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, ченемдик укуктук актыны же анын бөлүгүн конституциялык эмес деп таануу жөнүндө чечимдин юридикалык күчүн ушул эле ченемдик укуктук актыны же анын ушундай эле мазмундагы бөлүгүн кайра кабыл алуу менен жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 5-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Максатбек Мергенбаевич Жорокулов, Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арызданууччуларга кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: К.А. Дуйшеев

К.Дж. Кыдырбаев

Ж.А. Шаршеналиев

№_____